Кенан Алтынкая
БГУ

БААЛУУЛУКТАРДЫ ОКУТУУДА МАКАЛДАРДЫ КОЛДОНУУ

Күн сайын өзгөрүп жаткан заман жана шарттар ар бир тармакта болуп жаткандай эле, билим берүү тармагында да кээ бир жаңылыктардын ишке ашуусун талап кылат. Бүткүл дүйнөдөгү билим берүү программалары учурдун шарттарына ылайыктуу болуусу үчүн өзгөртүүлүүдө. Бул өзгөрүүлөр менен бирге жаңы түшүнүктөр да пайда болууда. *Баалуулуктарды окутуу* түшүнүгү да жаңы түшүнүктөрдүн бири болуп саналат.

Баалуулук – түрдүү адамдарды, адамдарга тиешелүү болгон өзгөчөлүктөрүн, каалоолорун жана максаттарын, жүрүм-турумдарын изилдөөдө колдонулуучу критерий болуп эсептелет [3].

Учурда ааламдашуунун жана медианын балдарга жана жаштарга тийгизген таасири абдан чоң. Ушул учурда баалуулуктардын жоголушу – кандайдыр бир коомдун келечеги үчүн абдан коопту. Баалуулуктар – бир коомду жашоодо кармап турган, индивиддерин бири-бири менен байланыштырып турган эң негизги элементтердин бири. Мына ошондуктан, баалуулуктарды окутуу аркылуу сактап калуу абдан маанилүү. Баалуулуктарды окутуу – адамдын жекелик жана социалдык үйрөнүүсү аркылуу кабыл алгандарын адатка айлантыруусу, адамдын ички дүйнөсүндөгү жакшы болуу жөндөмдүүлүгүн колдонуусу жана өмүр бою улантуусу катары билинет [5].

Баалуулуктарды окутуу окуучулардын жүрүм-турумдарын жакшыртуу үчүн жалгыз чечим жана ошондой эле системалык түрдө баалуулуктарды окутуу окуучулардын жүрүм-турумун жана кабыл алуусун өнүктүрүүсү үчүн маанилүү болуп саналат. Эффективдүү үйрөтүү – чыныгы жана индивиддик болуусу абзел [2].

Адеп-ахлакты окутуу – индивиддин сөзсүз түрдө индивид болуусу үчүн, бирге жашаган коом тарабынан кабыл алынышы үчүн маанилүү болуп саналган түшүнүк. Анткени, индивид өзүнүн адеп-ахлагынын негизинде урмат-сыйга ээ болот. Учурда канчалык даражада мунун тескерисине дуушар болсок да, идеалдуу коомдо болуусу керек болгон нерсе ушул.

Адеп-ахлакты окутуу ар бир доордо адам баласынын билим алуу процессинде маанилүү орунга ээ болуп келген. Үй-бүлөдө башталган бул процесс коомдук түзүлүштүн башка динамиктери менен байланышуу аркылуу адамдын өмүрүнүн аягына чейин уланып келет [1] .

Өзгөрүп жаткан бул дүйнөдө коомдук баалуулуктар да акырындык менен өзгөрүп жатат. Бул өнүгүүлөр маданияттар арасындагы байланышты, таасирленүүлөрдү дагы да тездештирет. Учурубуз – күчтүү маданият алсыз маданиятты жок кылууга даяр болгон учур. Ушул учурда биздин биримдигибизди, ынтымагыбызды камсыз кылуучу коомдук баалуулуктарыбыз дагы да маанилүү болуп жатат. Мына ошондуктан окутуу-үйрөтүү чөйрөсүндө индивиддерге өз маданиятын тааныту менен бирге маданияттардын аккумуляциясы жоопкерчиликтүү экендигин түшүндүрүү керек [6]. Бул түшүнүктү жаштарга өткөрүүдө макалдар чоң роль ойнойт. Төмөндө түрк калкы үчүн маанилүү болгон негизги баалуулуктардын кээ бирлери жөнүндө түрк тилинде жана кыргыз тилинде колдонулуп келген макалдар берилген.

Маалыматтуу болуу;
Yarım doktor candan, yarım hoca dinden eder.
Бузуктун элге бучуктан молдо болот.
Bilmemek ayıp değil, öğrenmemek ayıp.
Билбеймин дебе үйрөнөйүн де

Достук;
Dostun bin tane olsa da az, düşmanın bir tane de olsa çok.
Достун бин болсо да аздык кылат, душпанын бирөө болсо да көптүк кылат.
Dost acı söyler.
Дос күйдүрүп айтат, душман сүйдүрүп айтат.

Эрдик;
Cesur bir ölür, korkak bin ölür.
Баатыр өлсө бир өлөт, коркок өлсө мин өлөт.
Yüz yıl kuzgun olarak yaşamaktansa bir gün kartal olarak yaşamak yeğdir.
Жүз жылы кузгун болуп жашагандан көрө, бир күнү бүркүт болуп жашаган артык

Бирдик-биримдик;
Bir elin nesi var, iki elin sesi var.
Жалгыз аттын чаны чыкпайт, жалгыз эрдин данкы чыкпайт.
Sürüden ayrılanı kurt kapar.
Адашкан казды топтошкон карга алат.
Yalnız taştan duvar olmaz.
Жалгыз жыгач үй болбойт, жалгыз жигит бий болбойт.

Ач көздүк;
Cimri zengin kesmeye kuzu bulamayıp, fakirin tek toklusunu ister.
Бай союга козу таппай, жардынын жалгыз токлусун сураптыр.

Сабыр;
Sabır acıdır, meyvesi tatlı.
Сабырдын түбү сары алтын.
Sabreden derviş, muradına ermiş.
Кумурска-кичинекей болсо да кайраты тоо антарат.

Адеп;
Edebi edepsizden öğren.
Адепсизден да адепти үйрөн.
Meyveli ağacın başı eğik olur.
Шак мөмөлөгөн сайын ийилет.

Ата-энени жана тууганарды баалоо;
Babana ne yaparsan, oğlundan onu görürsün.
Ата-енеңди сыйласаң, өз балаңдан араа көрөсүң.

Anasının teptiği buzağının canı yanmaz.
Вее баласын чапчыса да мерт кылбайт.

Түрк маданиятын жана адеп-ахлагын жаш муундарга өткөрүүдө педагогдорубуздун милдети абдан жоопт уу. Мектептерде жалгыз гана билим берүүгө эмес өз элинин жомокторундагы каармандарды тааныган, сүйгөн, өз тилин баалаган, макал-ылакаптарын колдонгон, жаңылмачтарын билген балдарды тарбиялоого да чоң маани берилиши керек. Нитеким Йылардын [7] эмгегинде мындай өзгөчөлүктөргө ээ болбогон окуучулар мектептерде ийгиликтүү боло албашы айтылат.

Макалдар негизинен коом ичинде жыргалчылыкты камсыз кылуу үчүн жакшыны, тууранЫ, сулууну көргөзгөн, колдонулушу керек болгон негизги элемент. Мына ошондуктан, макалдар билим берүүдө да абдан маанилүү болуп саналат. Башталгыч мектептерде жалгыз гана окутуу эмес, тарбиялоо процесси да ишке ашууда. Макалдар мектептерде бир нерсени үйрөтүү үчүн гана эмес, окуучуларды тарбиялоо үчүн да маанилүү. Макалдар менен бирге индивид маданияттын жана коомдун эрежелерин да үйрөнүүдө [7]. Бирок макалдар жана ылакаптар күнүбүздө абдан сейрек колдонулууда жана өз баалуулугун жоготууда. Айрыкча, социалдык жана маданий өзгөрүүлөрдүн негизинде кээ бир макалдар салттуу байланыштын жоголуусунан улам колдонулбай келсе, кээ бирлери өткөн доордогу адамдардын байкоолорун жана сындарын чагылдырганынан улам күнүбүздөгү социалдык чындыктарга туура келбейт. Илимий чындыктар талкууланганынан улам сындоо максатында макалдар өзгөртүлүп жатат.

Түркиянын жана Кыргызстандын билим берүү системаларынын негизги максаттары изилденгенде тарбияланышы керек болгон кишилик мүнөздөр бир жактан үрп-адаттарга, улуттук баалуулуктарга жана улуттук маданиятка тиешелүү болуусу, экинчи жактан да өзгөрүүлөргө жана жаңылыктарга ачык болуусу окшош экендиги аныкталды. Муну менен бирге даярдала турган индивиддердин коомдун негизги чечимдери жөнүндө ойлонуусун, билим берүү менен коомдук биримдикти камсыз кылуу керек. Ошондой эле, индивиддердин жекелик өнүгүүлөрүн да камсыз кылуу керек. Мына ушинтип билим берүүнүн коомдук өлчөмү менен жекелик өлчөмү арасындагы тең салмактуулукту түзүү максатталууда. Максатка жетүү үчүн педагогдордун макалдарды колдонуусу абзел.

Жыйынтыктап айтканда, ар бир тармакта колдонууга мүмкүн болгон макалдарда окутууга байланыштуу нерселерди табуу, аларды кайрадан анализдөө – педагогдордун эң негизги милдеттеринин бири болуусу керек. Билим берүүдө макалдарды колдонуунун негизги максаты – коомдук биримдикти камсыз кылуу үчүн да, окуучуларыбыздын жекелик өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн да пайдалуу болуусу.

Адабияттар

1.Aydın, Mehmet Zeki (2003), Ahlak Öğretiminde Örnek Olay İncelemesi, Değerler Eğitimi Dergisi, 2(5), 154-158.

2.Belet, Dilek ve Deveci, Handan (2008), Türkçe Ders Kitaplarının Değerler Bakımından İncelenmesi, VII. Ulusal Sınıf Öğretmenliği Sempozyumu, Çanakkale.

3.Dilmaç, Bülent (1999), İlköğretim Öğrencilerine İnsani Değerler Eğitimi Verilmesi ve Ahlaki Olgunluk Ölçeği ile Eğitimin Sınanması, Yayımlanmamış Yüksek Lisans Tezi, Marmara üniversitesi Eğitim Bilimleri Enstitüsü.

4.Duruhan, K., İlhan, B. (2004). "Eğitim-Öğretimle İlgili Bazı Atasözü ve Deyimlerimizin Öğrenme-Öğretme Süreci Bakımından İrdelenmesi". *Milli Eğitim Üç Aylık Eğitim ve Sosyal Bilimler Dergisi*, 164, s:120

5.Karagöz, Bahattin (2009), Yapılandırmacı Yaklaşıma Göre İlköğretim 6 ve 7.Sınıf Türkçe Ders Kitaplarındaki Değerlerin İncelenmesi, Yayımlanmamış Yüksek Lisans Tezi, Muğla Üniversitesi Sosyal Bilimler Enstitüsü.

6.Kayhan, Gökçe Çiçek (2009), Hakkâri /Yüksekova 75.yıl Yatılı İlköğretim Bölge Okulu İlköğretim 7. Sınıf Düzeyinde Öğrenim Gören Öğrencilerin Deyim, Atasözü ve Bilmece Dağarcıklarının Belirlenmesi ve Bunların Öğretilmesi, Yayımlanmamış Yüksek Lisans Tezi, Selçuk Üniversitesi Sosyal Bilimler Enstitüsü.

7.Yılar, Ömer (2007); *Halk Bilimi ve Egitim,* Pegema Yayıncılık, 2. Baskı, Ankara.s:33